# Дидактика

№12(39) март, 2025-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити


## НООРУЗ – ЫРЫСКЫНЫН, МОЛ ТҮШҮМДҮН, ШАҢ КҮЛКҮНҮН МАЙРАМЫ




Жер жанданып, жандуунун баары кыймылга келген убакта ата-бабабыз Нооруз майрамын белгилеп келет. Майрамда түрдүү даамдар даярдалып, улуттук оюндар ойнолуп, каада-салттарыбызга ылайык ысырык түтөтүшөт. Ош мамлекеттик университетинде да быйыл кызуу белгиленди. Салтанат Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институту тарабынан даярдалып, башкы корпустун алдына боз үй тигилип, сүмөлөк кайналытып, тамак-аш көргөзмөсү уюштурулду. Майрамга Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министри Догдуркүл Кендирбаевада катышып, жалпы ОшМУнун жамаатын Нооруз майрамы менен куттуктады. "Жыл тогошуп, күн менен түн теңелген мезгилде баарыңыздарга теңчилик, токчулук жана бейпил жашоо каалайм. Биз мугалимдер менен сыймыктанабыз жана силер менен бирге Кыргызстандын келечегин аныктаган мыкты адистерди даярдоо жолунда бирге иштешүүгө даярбыз", – деди министр.



Майрамга арналган иш-чарада концерттик программалар коюлду. Ош шаарындагы "Келечек" балдар чыгармачылык борборунун бөбөктөрү тарабынан даярдалган кыргыз уйгур, татар элдеринин улуттук бийлери бийленди. Педагогика, искусство жана журналистика институтунун студенттери кыз-жигит сармерден оюнунун тартуулашты. Майрамда жылдагыдан өзгөчөлөнүп Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун агай-эжекелеринин балдарынын тушоо кесүү салтанаты да болду. Мындан тышкары студенттер тарабынан улуттук тамак-аштардын көргөзмөсү коюлду. Нооруздун негизги тамагы болгон сүмөлөк кайнатылып, ак тилектер айтылды.




Иш-чараны уюштурган Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтуна ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков ынтымагын, биримдигин көрсөтүп, майрамды тосууда жогорку уюшкандыкты көрсөтүп жаткан жамаатка ыраазычылык билдирди. Ал жалпы катышуучуларды көктөм майрамы менен куттуктап, "жаңырган жыл жамаатта ийгиликтерге бай, жакшылыктын, токчулуктун, молчулуктун жылы болсун" деген тилегин айтты. Майрамдык кече спорттук иш-чаралар менен уланды.

## ОшМУ QS дүйнөлүк университеттердин предметтик рейтингине кирди




***Ош мамлекеттик университети биринчи болуп QS дүйнөлүк университеттердин предметтик рейтингине кошулду. ОшМУ аталган рейтингге заманбап тилдер программасы боюнча 301-350-позиция менен дебют жасады.***

Мындай жыйынтык QS Quacquarelli Symonds эл аралык жогорку билим берүү аналитикалык агенттигинин дүйнөдөгү эң мыкты университеттердин жылдык предметтик рейтингинин 15-чыгарылышында жарыяланды.

QS дүйнөлүк университеттердин рейтингинин 2025-жылкы басылышы 55 жеке предметти камтып, беш негизги багыттан турат. Алар – искусство жана гуманитардык илимдер, инженерия жана технология, жашоо илимдери жана медицина, табигый илимдер, коомдук илимдер жана менеджмент.

Жарыяланган предметтик рейтингге Казакстандын 11, Өзбекстандын 5 университети кирген. Кыргызстандан Ош мамлекеттик университети жана Кыргыз-Түрк "Манас" университети кошулду.

"Борбор Азиядагы улуттук жогорку билим берүү системалары өнүгүүнү улантууда. QS World University Rankings by Subject 2025 предметтик рейтингде аймактагы алты университеттин дебюту менен белгиленген оң динамикасын баса белгилегим келет", - деди QS компаниясынын улук вице-президенти Бен Саутер.

Дүйнөлүк рейтингдин сап башында АКШнын, Улуу Британиянын, Канаданын, Швейцариянын, Нидерландия, Италиянын ЖОЖдору турат.

Чыгыш Азия өлкөлөрү, анын ичинде Түштүк Корея, Кытай (континенттик бөлүгү) жана Гонконг университеттери маанилүү өсүштү көрсөттү. Ошондой эле Батыш Азия жана Араб регионунда рейтингге кирген окуу жайлардын саны көбөйдү.

Предметтик рейтингде дүйнөнүн 101 өлкөсүндөгү жана аймагындагы 1756 жогорку окуу жайдын 21 миңден ашуун билим берүү программасы көз карандысыз салыштырма анализден өткөн.

Дүйнөнүн эң мыкты университеттеринин предметтик рейтингин түзүүдө QS төмөнкү беш негизги көрсөткүчтү колдонот:

- ***Академиялык репутация;***
- ***Иш берүүчүлөр арасындагы аброю;***
- ***Бир басылмага берилген цитаталардын саны;***
- ***h-индекс***
- ***Эл аралык илимий кызматташтык индекси.***

Бул ийгилик биздин студенттерге сунушталып заманбап тилдер боюнча билим берүү жана илимий программалардын жогорку сапатын тастыктайт.

ОшМУ 2024-жылы QS World University Rankings рейтингинде Азияда 260-орунду, Борбордук Азияда 13-орунду ээлеген. Буга чейин окуу жай "IAAR Eurasian University Ranking (IAAR EUR) - 2024" эл аралык рейтингинде экинчи орунду ээлеген. QS Quacquarelli Symonds уюму тарабынан сунушталган QS Stars Эл аралык университеттер рейтингинде 4 жылдызга ээ .

## ОШМУ ИНДИЯНЫН "EXCLUSIVE WORLD RECORDS" КИТЕБИНЕ КИРДИ




Дүйнөдөгү жогорку окуу жайлардын ичинен алгачкы жолу Ош мамлекеттик университети Индиянын белгилүү "Exclusive World Records" китебине кирди. 24-мартта окуу жайдын Эл аралык медицина факультетиндеги иш-чарада "Exclusive World Records" (Эксклюзив Ворлд Рекордс) уюмунун өкүлү ректор Кудайберди Кожобековго тастыктоо төш белгиси менен диплом тапшырды.



Рекорддор китебине кирүүдө негизги критерий катары индиялык студенттердин арасында окуу жайлар тууралуу жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы каралган. Анда ОшМУ тууралуу оң пикирлер басымдуулук кылып, жогорку баага ээ болгон.

Иш-чаранын жүрүшүндө ОшМУнун эл аралык медицина факультетинде билим алып жаткан 4000ге жакын студент салтанаттуу түрдө ант берди. Учурда ОшМУда 9000ге жакын чет элдик студент билим алууда.

"Exclusive World Records" – дүйнө жүзүндөгү өзгөчө жетишкендиктерди жана рекорддорду чогулткан эл аралык китеп болуп эсептелет.

## "АЛТЫН КАЗЫК" ПРОГРАММАСЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТАТ



Билим берүү жана илим министри Догдуркүл Кендирбаева Ош жана Жалал-Абад облустарына болгон иш сапарынын алкагында Алай, Кара-Кулжа, Өзгөн райондук билим берүү мекемелеринде агартуучулар жана айрым мектептерде окуучулар менен жолугушту. Катышуучуларга "Алтын Казык" билим берүү системасын трансформациялоо программасынын алкагында 2025-2026-окуу жылына карата иш-аракеттер планы тууралуу айтып берди. Министр "Алтын Казык" программасы баланын жаш курагын өзгөртүү же инфраструктуралык өзгөрүүлөрдү киргизүү максатын көздөбөй тургандыгын баса белгилеп, негизги көңүл билим берүүнүн мазмунун жана окутуу методикасын өзгөртүүгө бурууларын айтты.

Ошондой эле, ал 12 жылдык билим берүүгө өтүүнүн негизги максаты Кыргызстандагы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу экенин белгилеп, мугалимдер тарабынан берилген суроолорго жооп берди.

## ОКУТУУЧУЛАРДЫН ДОЛБООРУ ЭЛ АРАЛЫК СЫНАКТА БАЙГЕГЕ ЭЭ БОЛДУ

ОшМУнун экономика, бизнес жана менеджмент институтунун окутуучулары Нургул Султаналиева менен Ульзана Исламованын долбоору "Менин өлкөмдүн, шаарымдын, кыштагымдын, райондун туристтик коду – PRO Туризм" эл аралык сынагында үчүнчү орунду багындырды.

Долбоор "Ош – Улуу Жибек жолунун башкы туристтик провайдери" деп аталып, экскурсиялык туризм багытында жасалган. Сынактан жеңген долбоорлор ишке ашыруу үчүн жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына, туристтик компанияларга сунуш катары жөнөтүлөт.

Аталган сынак Орусиянын Москва шаарында 18-марттан 20-мартка чейин болуп өттү. Ага Сербия, Өзбекстан, Орусия, Казакстандан 900гө жакын катышуучулар барды.



## ОШМУДА "АНГЛИС ТИЛИ" КУРСУНУН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНӨ СЕРТИФИКАТ ТАПШЫРЫЛДЫ



Борбор Азия университети "Англис тили" курсун ийгиликтүү аяктаган 24 угуучуга сертификат берди. Тапшыруу аземи 26-мартта Ош мамлекеттик университетинде өттү.

Иш-чарага Билим берүү жана илим министрлигинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын, ОшМУнун администрациясынын өкүлдөрү жана өнөктөштөр катышты.

Окуу курсунда англис тили мугалимдеринин квалификациясын жогорулатууга, педагогикалык практикаларды жакшыртууга жана лидерлик сапаттарды өнүктүрүүгө басым жасалды. Ошондой эле мамлекеттик кызматкерлердин ишин жакшыртып, ар кандай талкууларга активдүү катышуусу үчүн англис тили көндүмдөрүн бекемдөөгө багытталды.

## ОШМУДА "БАБАЛАР БАСКАН ЫЙЫК ЖОЛ" АТТУУ КЕРЕГЕ КЕҢЕШ УЮШТУРУЛДУ



***Кеңешме 28-мартта уюштурулуп, кыргыздын көөнөрбөс мурасы болгон "Манас" эпосунан үзүндү айтуу менен башталды.***

Иш-чара өлкө башчынын "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу жөнүндө жарлыгын ишке ашыруу максатында уюштурулган. Ага президенттин Ош облусундагы өкүлчүлүгүнөн, Ош мэриясынан жана шаардык билим берүү башкармалыгынан жетекчилер, өкүлдөр, мектеп мугалимдери, жогорку окуу жайлардын окутуучулары катышты.

ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобековкеңешмепрезиденттин жаңы кабыл алынган жарлыгын жайылтуу максатында өтүп жатканын айтты.

"Мамлекет башчынын жарлыгын жайылтуу, практикалоо, өндүрүш менен байланыштыруу жана коомго чакырык жасоо максатында уюштурулуп жатат. Керегe кенеште окумуштууларыбыз мамлекеттик тил, улуттук идеология, экономика, кыргыз тарыхын өзүнө камтыган мазмундуу баяндамалары менен жалпы коомго чакырык жасашат. Биз коомду агартуучу катары президенттин жарлыгын жайылтууда угуучу эмес, жайылтуучу, коомго жеткирүүчү бололу", -деди Кожобеков.

Кеңешмеде профессор Гулина Жамгырчиева "Манас" - адамзаттык баалуулуктардын уюткусу", доцент Чыныхан Сатыбалдиева "Ааламдашуу шартындагы Кыргызстандагы маданий мурастарды сактоо жана туруктуулугун камсыздоо маселерлери", доцент Эрлан Камалов "Экономикалык өнүгүүнүн Уңгужолдогу милдеттери", доцент Динара Ызабекова "Элдик таалим-тарбия эрежелери - улутубуздун улуу кенчи" темаларында баяндама жасап, талкуулар уюштурулду. Жыйындын соңунда баяндамачыларга ыраазычылык каттар тапшырылды.

"Керегe кеңеш президенттин "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгу жолу жарлыгын жайылтуу максатында биринчилерден болуп уюштурулуп жатат. Бүгүн биз кеңешмеде өлкөнүн өнүгүүсүн камсыз кылуу максатында иштелип чыккан идеологиялык негиздерди жана стратегиялык багыттарды камтыган жарлыкты ишке ашыруу багытында жолубузду аныктаган маселелер боюнча пикир алыштык. Алдыда бул багытта дагы иштерибиз уланат",- деди ОшМУнун мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору Мастура Шарипова.

Президент Садыр Жапаров "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгу жолун кабыл алуу жөнүндө" жарлыкка 2024-жылдын 18-декабрында кол койгон. Документ өлкөнүн өнүгүүсүн камсыз кылуу максатында иштелип чыккан идеологиялык негиздерди жана стратегиялык багыттарды камтыйт.

ОшМУ пресс

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

## ОШМУ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ ТАРМАГЫ БОЮНЧА КЫТАЙДЫН НАНКИН УНИВЕРСИТЕТИ МЕНЕН КЫЗМАТТАШАТ

Ош мамлекеттик университетинде жасалма интеллект адистигин ачууну пландалууда. Бул тууралуу Кытайдын Нанкин технологиялык институтунун информациялык инженерия, байланыш тармактары жана жасалма интеллект факультетинен келген делегация менен Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун жамаатынын жолугушуусунда белгилүү болду.



Делегация ОшМУга 26-мартта келди. Тараптар эки окуу жайдын буга чейин кабыл алган келишимдеринин аткаралышы, илим изилдөө жана мобилдүүлүк программалары боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Анда кош дипломдуу билим берүү программасы боюнча Big Data аналик адистигинин окуу планы талкууланды. Ошондой эле биргеликте жасалма интеллект адистигин ачуу пландалды. 27-мартта делегация институттун студенттерине, докоранттарга жана окутуучуларга конок лекцияларды өтүштү.

## КОРЕЯ УНИВЕРСИТЕТТЕРИ МЕНЕН БОЛГОН БАЙЛАНЫШ БЕКЕМДЕЛЕТ

Эми Ош мамлекеттик университетинин студенттери Кореянын жогорку окуу жайларында билим ала алышат. Бул тууралуу аталган өлкөнүн Кыргызстандагы элчилигинин алдындагы Билим берүү борборунун директору Джо Чандын 27-мартта окуу жайга болгон иш сапарынын алкагында белгилүү болду.



Джо Чан ректор Кудайберди Кожобеков менен жолугуп, ОшМУнун ишмердүүлүгү, жетишкендиктери менен таанышты. Тараптар билим берүү тармагындагы кызматташтыкты чыңдоо, корей тилин үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, академиялык мобилдүүлүк, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, докторантура багыттарында пикир алышты. Макулдашуулардын алкагында биргелешкен иш аракеттер алып барылаары белгилүү болду.

ОшМУнун филология жана маданият аралык коммуникация институтунун базасында 2021-жылдан татып корей тили профили боюнча студенттер билим алышат. Университет учурда Кореянын Ханбат улуттук университети, Кванджу университети, Ханянг университети, Пэй Чэй университети, Андонг улуттук университети, Кюнгил университети, Донгук университети, Чонбук улуттук университети сыяктуу алдыңкы ЖОЖдор менен келишимдердин алкагында кызматташып келет.

## ИНДИЯ МЕНЕН ОШМУ ОРТОСУНДА КЫЗМАТТАШТЫКТЫН ЖАҢЫ БАГЫТЫ АЧЫЛАТ

Индия менен ОшМУнун ортосунда кызматташтыктын жаңы багыттары ачылат. Алсак, информатика багытындагы Айтек долбоорун ишке ашыруу пландалууда. Бул тууралуу 27-мартта Индиянын Кыргызстандагы элчиси Бирендер Сингх Ядавтын окуу жайдагы иш сапарынын алкагында белгилүү болду.



Элчи ректор Кудайберди Кожобеков менен жолугуп, тараптар байланыштын жаңы горизонтторун ачууну талкуулашты. Ага ылайык, ОшМУдагы чет өлкөлүк билим алуучулар, окутуучулар жана индиялык туристтер үчүн биргелешкен туристтик борбор ачуу каралууда. Ошондой эле жаңы долбоорлордун үстүндө иштөө сунушталды.



Бирендер Сингх Ядав 26-мартта Эл аралык медицина факультетинде болгон. Анда ал индиялык студенттер менен жолугуп, алар үчүн түзүлгөн шарттар менен таанышып чыккан.

Бирендер Сингх Ядав Индиянын Кыргызстандагы эличиси болуп ушул жылдын январ айында дайындалган.

*көңүл айтуу*



## Акаев Аскар Абдыраимович

(1971-2025)

ОшМУнун философия жана политология кафедрасынын доценти, саясий илимдеринин кандидаты Аскар Абдыраимович 2025-жылдын 25-мартында мезгилсиз дүйнөдөн кайтты.

Аскар Абдыраимович 1971-жылы 28-июлда Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Баш-Булак айылында туулган.

1978-1988-жылдары Баш-Булак айылындагы №96 орто мектебин ийгиликтүү бүтүргөн.

1989-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетинин кырыз тили жана адабияты адистигине билим алууга тапшырган. Ал студенттик алгачкы жылдарында факультеттин коомдук иштерине активдүү катышып, Эгемендүү Кыргызстандын алгачкы жылдарында кыргыз тилиндеги КВН командасынын уюштуруучусу жана катышуучусу болгон.

1994-жылы ОшМУнун филология фаультетин ийгиликтүү аяктап, кыргыз тили жана адабияты мугалими адистигине ээ болгон.

Жогорку окуу жайды аяктаган соң Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу №96 Н. Примбердиев атындагы орто мектебинде алгачкы эмгек жолун баштаган.

1994-жылы ОшМУнун философия кафедрасынын аспирантурасына кирип, кийинчерээк ошол эле кфедранын окутуучусу болуп ЖОЖдогу илимий-педагогикалык ишин баштаган. Аталган кафедрада үзүрлүү эмгектенүүнүн натыйжасында ага окутуучу, доценттик кызматтарга чейин жеткен.

1995-жылы аспирант Аскар Акаев менен Кыргызстандын тунгуч Президенти Акаев Аскар ОшМУда сенсациялык жолугушуусу болгон.

Аскар Акаев 2020-жылы Академик О.А. Тогусаковдун жетекчилиги астында “Кыргыз Республикасындагы миграциялык процесстердин динамикасына саясат таануучулук анализ” – деген темада 23.00.02 – саясий процесстер жана институттар адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. А. Акаевдин 30га жакын илимий макаласы, 2 окуу-усулдук колдонмосу жарык көргөн.

2024-жылдан КРнын УИАсынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык саясий изилдөөлөр институнун докторанты эле.

Аскар Абдыраимович өлкөнүн коомдук-саясий иштерине да активдүү катышып келген. Ош облусунун Кара-Суу районунун Баш-Булак айылдык Кеңешинин 4 жолку депутаты жана аталган айылдык Кеңештин төрагасы да болгон. Айылдын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүсүнө зор салымын кошуп келген. Мындан сырткары эл аралык фонддор менен да тыгыз иштешип келген.

Үлгүлүү ата катары жубайы менен эки кызды, бир уулду жана неберелерди тарбиялап өстүрүп жаткан.

Аскар Акаевдин алдыга койгон аруу тилек-максаттары, элге-журтка кызмат кылам деген асыл ойлору бар болчу. Бирок таш боор ажал, айыкпас дарттын натыйжасында 54 жаш курагында 2025-жылдын 25-мартында оо дүйнөгө алып кетти.

Агайдын элеси аны менен бирге иштеген кесиптештеринин, окуу жайда эмгектенген жалпы жамааттын жүрөгүндө түбөлүккө сакталат.

Аскар Абдыраимовичтин дүйнөдөн кайтканына байланыштуу үй-бүлөсүнө, жакын туугандарына терең кайгыруу менен көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөбүз.

**ОшМУнун ректораты, кесиптик кошуну, профессордук-окутуучулук жамааты, студенттери.**

*ОшМУнун Тышкы байланыштар боюнча проректор, доцент Курсантбек Аттокуров:*

# “QS РЕЙТИНГИНЕ КИРГЕНДЕН БЕРИ КЫЗМАТТАШУУГА КЫЗЫККАНДАР КӨБӨЙДҮ”

***- Курсантбек Шарабининович, сиз жетектеген тармак университеттин эң маанилүү тармак. Кыскача бүгүнкү абал боюнча обзордук маалымат бере кетсеңиз.***

- Ош мамлекеттик университети өзгөчө макамга ээ болгондон баштап, тышкы байланыштар боюнча проректордун карамагында эл аралык байланыштар департаменти жана чет тилдер борбору иштеп келе жатат. Эл аралык байланыштар департаментинин тарыхы 1995-жылга барып такалат. Ал эми чет тилдер борборунун түзүлгөнүнө 2 жыл болду. Эл аралык байланыштар департаментинин негизги багыттарына төмөнкүлөр кирет: чет өлкөлүк жана ата мекендик окуу жайлар менен өнөктөштүктү орнотуу, кызматташтык келишимдерин түзүү, эл аралык мамилелерди өркүндөтүү, окутуучулар менен студенттерди кыска жана узак мөөнөттүү, ички жана сырткы академиялык мобилдүүлүккө жиберүү, ошондой эле өнөктөш окуу жайлар менен консорциумдарды түзүп, эл аралык илимий проекттерди ишке ашыруу, эл аралык форумдарды, конференцияларды, семинарларды уюштуруу, студенттерди жайкы жана кышкы мектептерге катыштыруу ж.б.у.с. иш-чаралар.

***- Учурда Ош мамлекеттик университети канча өлкөнүн окуу жайлары менен кызматташууда***

- Азыркы учурда элүүгө жакын өлкөнүн, айрыкча Европа, Америка, Азиянын эң алдыңкы окуу жайлары менен 400дөн ашуун келишимдердин алкагында кызматташып келебиз. Мына ошол университеттерге биздин окутуучуларыбыз тажрыйба алмашууга, стажировкадан жана практикадан өтүүгө, студенттерибиз мобилдүүлүккө барып, келе жатышат.

***- Абдан жакшы статистиканы айтып кеттиңиз. 400дөй ЖОЖ бул аз эмес, жакшы эле көрсөткүч. Академиялык мобилдүүлүктүн алкагында чет өлкөлөргө чыгып, билимимди тереңдетип келсем деген студенттер үчүн кандай талаптар коюлган. Алар мобилдүүлүк программасына кантип кошула алат?***

- Кызматташуу келишимдеринин негизинде академиялык мобилдүүлүккө жиберип жатканда деканаттар аркылуу жарыялар студенттерге таркатылат. Алар студенттердин окуудагы жетишкендиктерине, таалим-тарбиясына, жүрүм-турумуна, эң негизгиси ата-энелеринин макулдугуна карап, конкурстан өткөрүп, мыкты кандидаттарды бизге тандап жиберишет. Алар менен биз да жекече иш алып барып, өнөктөш окуу жайларга жөнөтөбүз.

***- Факт катары айта кетсеңиз, учурда кайсы өлкөлөргө ОшМУнун студенттери жана окутуучулары стажировкаларга барып жатышат?***

- Евросоюздун гранттары аркылуу каржылануучу Эразмус+ программасынын негизинде биздин студенттерибиз, айрыкча окутуучуларыбыз Европанын эң алдыңкы өлкөлөрүнө барып, стажировкалардан өтүп, тажрыйба алмашып, мобилдүүлүккө, эл аралык жумалыктарга катышып келе жатышат. Алсак, Италиянын Милан, Франциянын Пуатье, Германиянын Марбург, Магдебург, Польшанын Белосток, Чехиянын Батыш-чех ж.б. университеттерге барышууда. Өтө көп академиялык мобилдүүлүк бул биздин эң жакынкы коңшу Өзбекстан Республикасы менен Казакстан Республикасындагы окуу жайларга уюштурулуп жатат. Бул багытта иш жакшы жолго коюлду деп айтсам жаңылышпаймын. Өзбекстандын 85 окуу жайы менен ОшМУнун бүгүнкү күндө кызматташуу келишимдери бар. Мен 2023-2024-окуу жылындагы мисалды айта турган болсом, бир жылда 1000ден ашуун студентибиз, 500дөн 700гө чейин окутуучуларыбыз академиялык мобилдүүлүк боюнча башка ЖОЖдорго барып келди. Казакстандын Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университети биз менен көп жылдан бери жемиштүү кызматташып жатат, бир жылда бул окуу жайга 100 студентибиз барып, 1 семестр же 1 жыл окуп келе жатат.

***- Окутуучулардын академиялык мобилдүүлүккө катышуусу үчүн кандай талаптар коюлат? Каалаган эле мугалим чыгып келе алабы же кайсы бир шарттарды аткаруу керекпи?***

- Евросоюздун Эразмус+ программасынын алкагында окутуучуларды мобилдүүлүккө жиберүү негизинен долбоорлор аркылуу жүрөт. ОшМУда Евросоюздан бөлүнгөн акчанын эсебинен каржыланган бир нече долбоор бар. Мисалы, KYRMEDU, EPCA, BERNICA, TUTORIAL, HARMONEE, GREENKG ж.б. долбоорлор боюнча мугалимдер чыгып жүрөт. Европа өлкөлөрүндө тажрыйба алмашуу илимий долбоорлорду утуп алган, аларды ишке ашырып, изилдөө менен алектенип жүргөн окутуучуларыбыз катышып жатат.



***- Ош мамлекеттик университети “Өзгөчө мамкамдын” алкагында эл аралык байланыштарды бекемдөөгө терең көңүл буруп жатканын жогоруда айтып кеттик. Бүгүнкү күндө эл аралык кызматташуунун натыйжасында кандай долбоорлор ишке ашып жатат?***

- Учурда ондон ашуун долбоорлор Евросоюздун грантынын алкагында аткарылып жатат. Алардын негизинде бир нече лабораториялар, “Саламаттыкты сактоодогу менеджмент”, “Жашыл экономика”, “Математика”, “Коомдуксаламаттыкты сактоо жана медицина” ж.б. PhD программалары, адистиктер ачылып, бүгүнкү күндө алар жемишин берип жатат. Акыркы мезгилдерде мындай долбоорлордун саны көбөйгөндүгү байкалат. Кытайдын “Женкис Хубо роботникс” деген компаниясы менен ОшМУ робототехникаларды өздөштүрүү боюнча биргелешип борбор түздү. Жалпы сметасы 7 миллион долларга барабар. Бул борбор түзүлгөндөн кийин атайын адистиктер ачылып, бүгүнкү күндө 1-курста студенттер окуп жатат. Алар 2-курс болгондо, Кытайдын завод-фабрикаларына барып, практика өтөп келүүсүнө мүмкүнчүлүктөр жаралды. Мындай шарт Орто Азиядагы бир да окуу жайда жок. Япониянын Токио университети менен Ош мамлекеттик университети биргелешкен келишимдерди түзүп, абанын булганышын изилдөө боюнча борбор ачылды, анын жалпы суммасы 5 миллион долларды түзөт. Аталган борбор жакында ишке кирет.




***- Сиз санап өткөн долбоорлор буюрса IT адистерин чыгарууга, экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө, абанын булганышынын алдын алууга чоң салым кошот экен. Эл аралык кызматташуунун алкагында чет элдик ЖОЖдордо “кыргыз маданияты борбору” ачылды деген кабарларды угуп калабыз, ушул боюнча кеңири айтып берсеңиз?***

- Эң жакшы суроо бердиңиз. Бизде “Чет тилдер” борбору бар, ал ОшМУдагы бир нече тилдик жана маданий борборлордун ишин координациялоо, фонддор менен иштөө максатында түзүлгөн. Борборлор факультеттердин базасында ачылгандыктан, аларды бирдиктүү башкаруу системасы жок болчу, ректор борборлорду, фонддорду өнүктүрүү боюнча тапшырма бергенден кийин тышкы байланыштар департаменти муну өз жоопкерчилигине алып, атайын түзүм ачтык. Филология жана маданият аралык коммуникация институтунда А. Навои атындагы Ташкент мамлекеттик тил жана адабият университети менен биргеликте “Өзбек тили жана маданияты”, Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университети менен “Казак таануу” борборлору ачылып, иштеп жатат. Ошол эле учурда ОшМУ аталган университеттерде өзүнүн “Кыргыз тили жана маданияты” борборлорун ачып, кыргыз маданиятын жана тилин коңшулаш өлкөлөрдө популяризациялоо жаатында бүгүнкү күндө жемиштүү иштеп жатат. Академиялык мобилдүүлүктү ишке ашырууда ушул борборлор эң негизги ролду ойноп жатат. Л.Н. Гумилев университетинде окуп, стажировкадан өтүп жүргөн жүздөгөн студенттерибиз, окутуучуларыбыз биздин борборго келишип, кыргыз тилин, маданиятын өнүктүрүүгө жана жайылтууга карата өздөрүнүн идеялары менен бөлүшүп, сунуштарын айтып, ар түрдүү маданий-массалык иш-чараларды өткөрүп жатышат.



***- Биздин кызматкерлердин кесиптик жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу, алардын тил билүү чеберчилигин өнүктүрүү багытындагы долбоорлор дагы барбы?***

-Жакында Эл аралык программалар жогорку мектебинде Борбор Азия университетинин борборун ачтык. Бүгүнкү күндө бул борбор 50000 доллар алып келди. Аталган окуу жай 4 кабинетти заманбап техникалар менен жабдып, окутуучулар менен студенттерге англис тилин окутуп жатышат. Ректоратта иштеген жетекчилерди 3 тайпага бөлүп алып курс өтүштү, жакында үйрөнүүчүлөр экзамен тапшырышат.

*(уландысы 5-бетте)*

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

*(башталышы 4-бетте)*

***- Жетекчилерге англис тилин үйрөтүү боюнча долбооруңуз мамлекеттин саясатына дагы абдан дал келет экен. Жакында эле Билим берүү жана илим министрлиги университеттердин мугалимдеринин англис тилин билүүсүнө басым жасала тургандыгын кабарлады. Чет өлкөлүк долбоорлордун алкагында академиялык мобилдүүлүк боюнча чет өлкөлөрдөн бизге келип билим алып жаткан да көптөгөн студенттер бар. Аларга түзүлгөн шарттар, алардын көйгөйлөрүн чечүү жолдору боюнча да айта кетсеңиз...***

- Биз менен кызматташуу келишимдерин түзгөн чет өлкөлүк абройлуу, QS рейтингинде ТОП 1000дикке кирген университеттерден келген окутуучуларга, студенттерге акыркы мезгилдерде басым жасап жатабыз. Жакында эле Япониядан ыктыярчылар келди. 3-март күнү Франциядан 2 ыктыярчы келе жатат. Америкадан 2 ыктыярчыбыз бар. Ушулардын баары биздин филология институтунда эмгектенип, сабак өтүшүп, тилди үйрөтүшүүдө. Жыл сайын Европа өлкөлөрүнөн, Казакстан, Өзбекстандан академиялык мобилдүүлүк боюнча келген студенттердин саны жогорулап жатат, учурда 40ка жакын студент окуп жатат.

***- Алардын келип кетүүсүндө укуктук жактан кандайдыр бир көйгөй болбойт да ээ? Сиздердин бөлүм баарын тыкыр уюштуруп, алдын ала кам көрүп турасыздар да?***

- Биз академиялык мобилдүүлүк боюнча келишимдерди түзгөндө келе турган окутуучулардын, студенттердин укуктары, жашоо шарттары, виза маселеси, окуу программалары баары каралат. Университет мобилдүүлүккө келген студенттерге жатаканадан орундарды акысыз берет. Алар жол киресине, күнүмдүк тамак-ашына гана акча коротушат. Алар үчүн окуу, стажировка, практика дагы бекер болот. Ал эми биздин студенттер барганда да өнөктөштөр аларды ушундай шарттар менен камсыз кылышат. Башкача айтканда бул процесс паритеттик түрдө ишке ашат.

***- ОшМУ кайсы бир өлкөлөргө артыкчылык береби, негизи эле кызматташууда кайсы критерийлерге көңүл бурулат? Акыркы мезгилде университетте кандай тенденция байкалат? Биз менен кызматташууга өздөрү биринчи кезекте кол сунган, иштешели деп сунуш берген тараптардын тенденциясы кандай болуп жатат?***

- Менин иштегениме 1 жарым жыл болду. Азыркы мезгилде биз бир дагы чет жактагы университеттерге кызматташуу келишимдерин түзөбүз деп барбайбыз. Келишимдерибиз көп санда болгондуктан, ошол бизге жетиштүү. Ош мамлекеттик университети Орто Азияда студенттеринин саны жагынан да, сапаттуу билим берүү жагынан да эң алдыңкы униерситет болуп калды. Күзүндө чыккан жыйынтыкка ылайык, QSтин Азия университеттер рейтингинде ОшМУ 260-орунду, Орто Азия окуу жайларынын арасынан 13-орунду багындырды. Бул нерсе университетти дагы бир жогору тепкичке көтөрдү десем жаңылышпаймын. Рейтингге киргенден кийин ОшМУ менен кызматташабыз деген окуу жайлардын саны күндөн күнгө өсүүдө.

***-Демек, биздин эл аралык аброюбуз өсүп жатса, жооткерчилигибиз да көтөрүлөт да, сиз ушул тармакты жетектеген проректор катары кандайдыр бир жооптерчиликти байкайсызбы? Себеби, түзүлгөн келишимдерди сапаттуу ишке ашыруу жаатында алдыда дагы кандай максат пландар бар?***

- Мен келгенден кийин биз ошол 400 келишимдин баарын инвентаризацияладык, алардын кайсылары иштейт, кайсылары иштебейт, кайсылары университеттин абройон көтөрүүгө салым кошот же кошпойт. Баарын иргеп, жолго коюп алдык. Акыркы мезгилдерде Казакстан, Өзбекстандагы окуу жайлар менен өтө тыгыз иштешип жатабыз, Түркиянын 60тан ашуун университеттери менен протоколдорубуз бар, негизинен "Мевлана" программасынын алкагында бул өлкө менен жемиштүү иштешкенбиз, 6 жылдын аралыгында жүздөгөн окутуучуларыбыз менен студенттерибиз түрк университеттеринде билим алып, сабак өтүп келишти. Былтыр мен өзүм дагы делегацияны баштап барып келдим. Бүгүнкү күндө Түштүк Кореянын 28 окуу жайы менен келишимдерибиз бар. Алтоосу QSтин дүйнөлүк рейтингинде ТОП 500гө кирген окуу жайлар болуп эсептелет. Алардын ОшМУ менен кызматташып жатышы – бул чоң ийгилик. Кечээ эле Чыгыш таануу институтунун 15 студентин ошол Түштүк Кореяга окууга жибердик. Учурда 500гө жакын студентибиз ушул өлкөдө академиялык мобилдүүлүк боюнча окуп жүрөт.

***- Курсантбек Шарабидинович, сөзүбүздү жыйынтыктап жатып, ОшМУнун сырткы байланыштар тармагындагы эң негизги долбоорлору, алдыдагы максат-пландары жөнүндө айта кетсеңиз?***

- Ушул окуу жылдын башында ректорубуз Кудайберди Гапаралиевич ар бир бөлүмдөргө KPIлерди, милдеттерди, максаттарды койду. Биздин негизги миссиябыз катары: академиялык мобилдүүлүктүн көрсөткүчүн жогорулатуу, Европанын, Азиянын ТОП 1000ге кирген эң алдыңкы университеттери менен келишимдерди түзүү жана ошол окуу жайларга студенттерди көбүрөөк чыгаруу, эл аралык илимий конференцияларды, семинарларды өткөрүү иштерин активдештирүү, биргелешкен долбоорлорду өнөктөштөр менен биргеликте ишке ашырып, университетке гранттарды алып келүү жумуштары белгиленди. Буюрса, бул багытта алгылыктуу пландарды белгилеп, жогоруда айтылган ийгиликтерди андан ары улантууга бел байлап иштеп жатабыз.

***- Баштаган ишиңизге Жараткан күч-кубат берсин!***

Маектешкен: Тургунбай АЛДАКУЛОВ, журналист

# ЖОЛБОЛДУ АЛИБАЕВДИН "ДАНА КЫЗ" КИТЕБИ ЖАРЫК КӨРДҮ



26-мартта Кыргыз Республикасынын эл артисти, ырчы, ОшМУнун профессору Жолболду Алибаевдин "Дана кыз" китебинин бет ачар аземи өттү.

Аземге Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаев, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, Айтматов таануучу, окумуштуу, академик, сынчы Абдылдажан Акматалиев, "Манас" жана Чыңгыз Айтматов улуттук академиясынын президенти Азиз Биймырза уулу, Кыргыз улуттук "Манас" театрынын директору Нурбек Талантбеков, ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы, студенттер жана ырчынын шакирттери катышты.

Кечени Азиз Биймырза уулу алып барып, Жолболду Алибаевдин чыгармачылык изи, ишмердүүлүгү, кыргыз маданиятына кошкон опол тоодой салымы тууралуу кеп курду. Ал эми Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаев ырчынын адамдык бийик сапаты, чыгармачылыгы тууралуу айтып, кутуктоосун жолдоду. Калаа башчы Керме-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгындагы 15-көчөгө Жолболду Алибаевдин ысымы ыйгарылганын белгиледи.






"Дана кыздын" баш сөзүн жазган Абылдажан Акматалиев китепте Жолболду Алибаевдин калеминен жаралган лирикалары, обону да, сөзү да өзүнө таандык болгон ырлары, дастандары, арноо ырлары жана автор иштеп чыккан обондуу ырлар топтолгонун айтты.

"Жолболду Алибаев сөздүн чебери экен. Китепте сөз менен обон шайкеш келген, төкмөчүлүк менен жазмакерлик төп келишкендигин көрүүгө болот. Автор утурумдук кызыкчылыктарды четке кагып, өнөрдүн ысык-суугуна чыдап, дастанчы, санатчы, ырчы, акын, аткаруучу, обончу, педагог катары көп тармактуу ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген. Китептин дагы бир өзгөчөлүгү ырлардын электрондук нускасы QR код менен тиркелген", -деди Акматалиев.

Иш-чарада манасчы Рыспай Исаков "Манас" айтса, акындын шакирттери анын чыгармачылыгындагы обондуу ырларды ырдашты. Жолболду Алибаев "Дана кыз" чыгармасын аткарып, өмүрү, чыгармачылыгына салым кошкон инсандарга ыраазычылык билдирди.

"Мен Ош мамлекеттик унивеситетинен билим алдым. 25 жылдан бери ушул жерде эмгектенип жатам. Чыгармачылыгымдын өсүшүнө, ушул даражага жетишиме университеттин кошкон салымы абдан чоң. Окуу жайга абдан ыраазымын"деди.

Ошондой эле ал "Дана кыз" китебин чыгарууга көмөктөшкөн Кыргыз улуттук "Манас" театры, Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жамаатына ыраазычылыгын билдирди.

Жолболду Алибаев көрүнүктүү ырчы, обончу, дастанчы, термечи, акын, композитор. Ал Барпы Алыкуловдун сөзүнө жазылган «Өзгөчөм», «Мырзайым», өзүнүн сөзүнө жазылган «Чолпонум» ашыктык дастандары менен белгилүү. Ошондой эле ыр, санат, дастан, термелерден турган үч жыйнактын автору.

***Зинагүл Нуралиева***

# 12 ЖЫЛДЫКТЫН АЛКАГЫНДА ЖОЖДОР АТКАРА ТУРГАН ИШТЕР



Мектептерди 12 жылдык билим берүүгө өткөрүү эгемендиктин алгачкы жылдарынан бери көтөрүлүп келген маселе. Бирок ар кандай объективдүү себептерден, экономикалык, биринчи кезекте билим берүү системасынын даяр эместигинен, өлкө жетекчилеринин саясий эркинин жоктугунан улам дайыма жылдырылып келген.

Билим берүү системасын модернизациялоо аркылуу өлкөнү өнүккөн мамлекетке айландырууга болгон умтулуусу жана чечкиндүүлүгү үчүн өлкөнүн азыркы жетекчилигине баа беришибиз керек.

Мектептик билим берүүнүн жаңы системасына өтүү менен Кыргызстандын мындан аркы өнүгүүсүнүн жаңы этабы башталат.

Кыргызстанды 12 жылдык жалпы билим берүү системасына өткөрүү боюнча өлкө жетекчилигинин концепциясы жана чечими чыныгы кызыгууну жаратты. Жаңычылдыкты талкуулоого жалпы коомчулук, эксперттер, билим берүү уюштуруучулары, ата-энелер активдүү катышты.

Талкууларда кээде карама-каршы жана бири-бирин жокко чыгарган ар кандай көз караштар жана мамилелер чагылдырылды. Бирок бир нерсе ачык-айкын: азыркы мектептик билим берүү системасы мезгилдин талабына шайкеш келбейт жана заманбап талаптарга жооп бербейт. Ал эл аралык коомчулук тарабынан таанылган эмес жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине толук кошула албайт.

Республиканын Билим берүү жана илим министрлиги эл аралык стандарттарга жана башка өлкөлөрдүн ийгиликтүү тажрыйбаларына таянып, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, мектеп окуучуларында бүгүнкү күндө зарыл болгон көндүмдөрдү, билимдерди өнүктүрүү, ошондой эле заманбап эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыздоо максатында концепцияны иштеп чыккан.

Мектептердеги өзгөрүүлөргө ылайык жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгү да жаңыланууга тийиш. Бул жерде бизде бир топ суроолор бар: жаңы системага кантип өтөбүз, 12 жылдык билим берүүнүн алгачкы бүтүрүүчүлөрүн кайсы жылдан баштап кабыл ала баштайбыз, кайсы программа боюнча жана кайсы деңгээлде – бакалавриат же магистратура – жаңы системаны эске алуу менен мугалимдерди даярдайбызбы ж.б.у.с.

***ЖОЖдор мектептик билим берүүнүн реформалоого даяр гана болбостон, тынымсыз өзгөрүп турган дүйнөдө өзүнүн кесиптик дараметин ишке ашырууга жөндөмдүү адистерди даярдоо үчүн мектеп бүтүрүүчүлөрүн үзгүлтүксүз окутууну логикалык жактан улантууга тийиш.***

Учурда ЖОЖдор белгилүү бир багыттар боюнча педагогикалык адистерди кандай даярдап келишкен болсо, ошондой нукта улантууда. Ошол эле учурда университеттин дубалдарынан өзгөрүү шамалы согуп жатат. Ушуга байланыштуу концепциянын маңызын жана мектептик билим берүү системасында боло турган өзгөрүүлөрдү педагогикалык жамаатка жана студенттерге түшүндүрүп жатабыз.

Жогорку билим берүү системасы да өзгөрүшү керектиги тууралуу активдүү талкуулар болуп келген жана ал улануда. Окуу жайдагы адистер, окумуштуулар, окутуучулар пикир алмашып, чет мамлекеттердин тажрыйбасын үйрөнүүдө.

***Менин оюмча, Пакистандагы жогорку билим берүү системасы көңүл бурууга татыктуу. Ан менен министр Догдуркүл Кендирбаева жетектеген делегация менен Карачи шаарындагы Ага Хан университетине барганда таанышт ым.***

Билим берүүнү өнүктүрүү институтунда бир үлгү бар, анын маңызы – бакалавриат адистерди, мисалы, математиктерди гана даярдайт жана таза математикалык дисциплиналарды окутат. Ошол эле учурда бакалавр даражасын бүткөн адам окуу жайда иштей албайт. Дагы 1,5 жыл магистратурада билим алып, анда педагогикалык дисциплиналарды, психологияны, окутуу усулдарын өздөштүрүп, педагогикалык практикадан өткөндөн кийин гана мектепте педагогикалык ишмердүүлүк менен алектенүүгө укук берген мугалимдик диплом алат. Мындай ыкма башка аймактарда да ишке ашырылууда.

Бул моделди колдонуу менен биз бүгүнкү күндөгү актуалдуу бир катар маселелерди чечебиз. Предметтердин коллабарациясын ишке ашыруу же предметтерди тармактар боюнча унификациялоо 12 жылдык билим берүүгө өтүүнү билдирет. Башкача айтканда, университеттер, мисалы, математика, физика жана информатика сабагын же биология, химия жана география сабагын бириктирип өтө ала турган мугалимдерди даярдайт. Бул бара-бара аймактар боюнча жалпы окуу китептерин иштеп чыгууга алып келет. Бул жер-жерлерде мугалимдердин жүгүн жана жетишсиздигин чечип, билим берүүнүн сапатын, адистерди даярдоону жакшыртары талашсыз.

***Биринчи бүтүрүүчүлөр 2028-жылы күтүлүп жаткан мектептик билим берүүнүн жаңы системасына биротоло өтүү менен педагогикалык дисциплиналарды, психологияны, предметтерди окутуу методикасын жана педагогикалык практиканы окутуу бир жарым жылды камтыган магистратурага которуунун эсебинен бакалавриатта окуу мөөнөтү 3 жылга чейин кыскарышы мүмкүн. Ошентип, окуу мөөнөтү азыркыга салыштырмалуу анчалык көбөйбөйт . Мисалы, көп тилдүү мугалимдерди, орус жана англис тилдеринде предметтерди окуткан мугалимдерди даярдоону эске алуу менен мөөнөттөрдү дагы алты айга көбөйтүүгө болот, анткени бул кадрларды даярдоонун сапатына тиешелүү.***

Мындан тышкары, магистратура мугалим болууну каалаган бакалавр даражасын аяктаган бүтүрүүчүлөрдү гана күтпөстөн, башка багыттагы бүтүрүүчүлөр үчүн мугалимдерди даярдоо боюнча билим берүү программаларын ишке ашыра алат. Маселен, программист-мугалим дипломун алып, мектепте информатикадан же педагогикалык дисциплиналар боюнча магистратураны аяктаган юрист коом таануу сабагынан билим бере алат.

Ушул жерден баса белгилеп кете турган нерсе, эгер жаңы окуу жылынан баштап магистратуранын бул моделине өтсөк, анда бакалавриатты аяктагандар окуу жайларда иштей албай калышат. Башкача айтканда, мындай жобо мыйзамда бекитилиши керек.

Биздин азыркы шартта бакалаврда 4 жыл, магистратурада эки жыл окутуп, кимди даярдап жатабыз? Бул деңгээлдеги бүтүрүүчүлөр принципиалдуу түрдө кандайча айырмаланып жатканына толук жооп бере албайбыз. Балким, болгону эмгек акыда бир аз гана айырма болор.

Жогорку билим берүүнүн жаңы моделинин контекстинде бакалавр менен магистратуранын ортосундагы айырма жана алардын милдеттери мурдатан эле көрүнө баштаган. Эгерде бүтүрүүчү математикалык маселелерди чече албаса, анда бул бакалавр даражасындагы кемчилик, ал эми предметти жакшы өздөштүрүп, бирок окутуу усулдары начар болсо, анда магистратура күнөөлүү.

Иш берүүчү адистерди даярдоодогу мындай кемчиликтерди айта алат жана көрсөтүүгө тийиш. Университет алар жөнүндө билиши керек, ошондуктан бүтүрүүчүлөрүнө көз салып, алар менен дайыма байланышта болушу абзел. Алардын профессионалдык абалын сактоо үчүн мугалимдерди кайра даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун жакшы жолго коюлган системасы бар. Башкача айтканда, ар бир мугалим мезгил-мезгили менен, тагыраагы, беш жылда бирден курстардан өтүп, кесиптик квалификациясын жогорулатууга тийиш. Убакыттын өтүшү менен мугалимдер өздөрүнүн предметтик жана педагогикалык билимдерин өркүндөтүү жана коомдун суроо-талаптарына жана керектөөлөрүнө ылайык окуучулардын чеберчилигин андан ары өркүндөтүү үчүн кесиптик жактан өсүү зарылдыгын түшүнүшү керек.

Педагогикалык адистикти артыкчылык дипломy менен бүтүргөндөр дагы жаңы мектептин талабына жооп бербей, жаңы ыкма менен иштей албастыгын бүгүнкү күндүн чындыгы көрсөтүп турат. Демек, бул аларга актуалдуу эмес дегенди билдирет. Билимге болгон мамилебизди өзгөртүп, заман агымына туруштук беришибиз керек.

Биз кесиптештер менен университеттин билим берүү ишмердигинде боло турган өзгөрүүлөргө байланыштуу ушул жана башка маселелерди талкууладык жана окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө институттардын жана кафедралардын жетекчилерин сунуш берүүгө чакырдык.

***Бул жерде мамлекеттик стандарттарды жаңылоо, программаларды, окуу пландарын өзгөртүү жана кайра иштеп чыгуу, жаңы билим берүү IT технологияларын иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча көптөгөн комплекстүү иштерди жүргүзүү зарыл, алар компетенттүү педагогикалык мамилени колдонуу менен иштелип чыгышы керек.***

Ошондой эле жаңы окуу-методикалык колдонмолорду түзүү, жаңы усулдарды жана методикалык ыкмаларды иштеп чыгуу, сыноо зарыл.

***Кыргызстандагы жогорку окуу жайлар бүгүнкү күндө билим берүүнү трансформациялоо процессине даяр болушу керек. Ал кесиптик жана коомдук турмушта ийгиликке жетүү үчүн зарыл болгон компетенцияларга ээ болгон жаштарды, өлкөнү региондук жана дүйнөлүк деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүү заманбап адистерди даярдоо үчүн негиз боло алат.***

КУДАЙБЕРДИ КОЖОБЕКОВ,
Ош мамлекеттик университетинин ректору.



# АДАБИЯТ САБАГЫНДА ТАРЫХЫЙ ОБРАЗДАРДЫ ОКУТУУ УСУЛДАРЫ

***Адабият сабагы — окуучуларды көркөм чыгармалар менен тааныштырып, алардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө, адамдык баалуулуктарды түшүнүүгө жана тарыхый окуяларды терең, ыйык сезимдер менен кабыл алууга багытталган маанилүү дисциплина. Ал эми "тарыхый образдар" болсо тигил же бул адабий чыгарманын жүрөгү, алар аркылуу окуя баяндалат, тарых сүрөттөлөт, гуманисттик баалуулуктар чагылдырылып, муундардын жашоосундагы маанилүү ыргактар көрсөтүлөт. Тарыхый образдарды окутуу аркылуу көркөм адабияттын тарыхый мазмунун ачык жана таасирдүү түшүндүрүүгө, алардын коомдук турмушка тийгизген таасирин ачып көрөтүүгө мүмкүнчүлүк жаралат.***

### *ТАРЫХЫЙ ОБРАЗДЫН МААНИСИ*

Адабий чыгармаларда белгилүү бир тарыхый учурду чагылдыруу аркылуу ошол учурдагы коомдун өкүлүн баяндаган каармандар - тарыхый образдар болуп саналат. Алар аркылуу коомдун социалдык, саясий жана маданий кырдаалын түшүнүүгө болот. Адабият сабагында тарыхый образдарды окутуу аркылуу окуучуларга тарыхий маалыматтар, адамдык баалуулуктар жана элдин жашоо тажрыйбасы жөнүндө терең түшүнүк берилет. Бул процессте окуучулар каармандардын иш-аракеттерин талдап, алардын ички дүйнөсүнө терең кирип, коомдук маселелердин этикалык, моралдык жана социалдык аспекттерин түшүнө алышат.

Адабият сабагында тарыхый образдарды окутуунун заманбап ыкмалары катарында төмөнкү усулдарды бөлүп көрсөтүүгө болот:

### *1. Тарыхый контекстти берүү:*

Тарыхый образдарды окутууда эң биринчи кезекте чыгармада баяндалган окуянын тарыхый жана социалдык шарттарын ачык түшүндүрүү зарыл. Мисалы, Кокок хандыгынын тушундагы же экинчи дүйнөлүк согуш мезгилиндеги каармандардын образдары тууралуу кеп болгондо, ошол кездеги тарыхый окуялар менен тааныштыруу максатка ылайык келет. Окуучуларга ошол доордогу саясий кырдаал, коомдук таптар, дин жана маданият боюнча жалпы түшүнүк берүү — тарыхый образдар менен кеңири тааныштырууга жардам берет.

### *2. Карикатуралар аркылуу салыштыруу усулу:*

Тарыхый каармандарды окутууда алардын тарыхтагы жана адабий чыгармадагы образдарынын айырмачылыктарын жана окшоштуктарын так, даана жеткирүү максатында негизги белгилерин камтыган элестүү карикатураларды тартып чыгышат. Мисалы, окуучулар каармандардын таасир белген, негизги эсте калган белгилерин көрсөтүп карикатураларды тартышат. Даяр болгон карикатураларын ар ким өз алдынча коргоп атып, каармандын образын баяндап берет. Бул усул каарманды жакындан таанууга, ички дүйнөсүн жана көз карашын түшүнүүгө жардам берет. Белгилүү бир тарыхый образдын адабияттагы бейнесин ачып көрсөтүү үчүн каармандын реалдуу турмуштагы кулк-мүнөзүн жана моралдык-психологиялык абалын салыштырууга шарт түзөт.

### *3. Баарлашуу жана дискуссия усулу:*

Тарыхый образдарды окутууда мугалимдин каармандартуураluубаяндоосукөпүчурдамонотондук абалды жаратып коет. Окуучуларды активдүү фазага айландыруу үчүн аларды жөн гана угуучу эмес, аларга сабактын катышуучусу, уюштуруучусу, кала берсе алып баруучусу статусуна ыйгаруу абзел. Мисалы, тарыхый каармандардын кабыл алган чечимдерин жана анын себептерин талкуулоо, алардын кылган аракеттеринин социалдык жана адамдык маанисин түшүндүрүү аркылуу образдарды терең түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк жаралат. Окуучуларды чыгарманын каармандарынын кыймыл-аракеттерин тарыхый ачылыштар менен байланыштырууга, ошондой эле белгилүү бир тарыхый кырдаалды анализдөөгө басым жасалат.

### *4. Интерактивдүү жана визуалдык ыкмаларды пайдалануу:*



Маалымат технологиялары өнүккөн доордо окуучулардын кабыл алуу ылдамдыгы тездик менен өсүүдө. Андыктан, тарыхый образдарды окутууда мультимедиялык каражаттарды, графика, сүрөттөрдү, тарыхый видеоматериалдарды пайдалануу таасирдүү болот. Мисалы, согуш ардагери жөнүндө сабак өтүлүп жатканда, 1941-1945-жылдарыгы улуу Ата Мекендик согушту баяндаган фото, видео, аудио тасмаларды көрсөтүү окуучунун тарыхый образды жакындан таануусуна, кырдаалды өзгөчө түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт.

### *5. Жеке жана жамааттык иш чаралар ыкмасы:*

Бул усул аркылуу окуучулар тарыхый каармандарга багытталган жекече чыгармачылык тапшырмаларды аткарууга шыктандырылат. Мисалы, окуучулар өздөрүнө бөлүнгөн тарыхый каарманы тууралуу эссе жазат же ага салыштырма анализ жүргүзүү аркылуу өз алдынча иштерди аткарат. Даяр болгон жумуштарынын мазмунуна жараша жамааттык топторго бөлүнүп, башка окуучулардын пикири, материалдары менен таанышат. Эркин форматта талкууларды жүргүзүп, каармандарга карата өз көз караштарын баяндап беришет.

### *6. Баяндамаларды жана презентацияларды даярдоо усулу:*

Окуучуларга белгилүү тарыхый каармандар жана окуялар тууралуу кыска баяндамаларды жана презентацияарды даярдоого тапшырма берилет. Бул окуучуларга адабий жана тарыхый каармандардын образын, коомдогу жана чыгармадагы ордун аныктоого жардам берет. Презентацияларды жактоо жана баяндоо аркылуу каармандардын образын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Дегеле, адабият сабагында тарыхый образдарды окутуунун максаты — окуучулардын тарыхка болгон кызыгуусун арттыруу менен гана чектелбейт. Окуучунун дүйнө таанымын кеңейтүү менен бирге укуктук, эстетикалык аң сезимин өстүрүүгө өбөлгө түзөт. Тарыхий образдарды терең талдоо аркылуу ак менен караны, чындык менен адилетсиздикти, айкөлдүк менне кекчилдикти таанып билүү менен бирге, оң жана терс инсандык сапаттардын пайдасын жана кесепеттерин аңдап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алат. Ар кандай кырдаалдарда жана талаш-тартыштарда чечим кабыл алууга жана жоопкерчиликти сезүүгө үйрөтөт. Тарыхый образдарды терең окуу аркылуу окуучулардын адамзаттык улуу идеяларды жана баалуулуктарды аңдап түшүнүүсү өрчүп, кыргыз коомунун калыптануу этаптарын анализдөө жөндөмү калыптанат. Анткени, тарыхый образдарды окутуу аркылуу окуучуларга моралдык баалуулуктар жана инсандык асыл сапаттар жеткиликтүү болуп, коомдогу көйгөйлөргө баа бере ала турган, адабий чыгармадагы тарыхый мүнөздөрдү аналитикалык көз менен карай алган шык-жөндөм пайда болот.

***Жыйынтыктап айтканда, адабият сабагында тарыхый образдарды окутуу аркылуу окуучуларды тарыхый маданиятка, адамдык баалуулуктарга жана көркөм адабиятка кызыктырууга мүмкүнчүлүгү жаралат. Мезгил талап кылган жаңы усулдарды колдонуу менен, тагыраак айтканда мультимедиалык каражаттарды пайдалануу, талкуу жана диалог формасында сабактарды уюштуруу аркылуу тарыхый образдарды терең түшүндүрүүгө өбөлгө түзүлөт.***

***Тургунбай АЛДАКУЛОВ,***
ОшМУнун изденүүчүсү

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити
**Башкы редактор:**
Каныкей ЖОРОЕВА

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Т.Алдакулов, Г.Жутанова, А.Батыралиев, Б.Оморкулов, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы
**Фото кабарчы:** Р.Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 1300 Буюртма №407

# КИМИЯ ТОРОГЕЛДИЕВА – КЫРГЫЗ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮНҮН ЧЕБЕРИ

***Эгер аял сүрөтчүлүккө кызыкса анын чыгармачылыгы сүйүүнү, коодукту жана назиктикти чагылдырат. Буга мисал ОшМУнун педагогика, искусство жана журналистика институтунун улук окутуучусу кол өнөрчү, сүрөтчү Кимия Торогелдиева. Акыркы учурларда жараткан ийгиликтери арбып, искусство өкүлдөрүнүн назарында болуп, таланттуу педагог катары да аты чыгып турган мезгил.***

***Ал кыргыз улуттук көркөм өнөрүн даңазалаган жана өнүгүшүнө зор салым кошкон чыгармачыл инсан. Эмгектери маданиятты сактоого жана кийинки муундарга өткөрүп берүүгө багытталган. Улуттук кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүдө жана аны дүйнөгө таанытууда да орду өзгөчө.***

***Сүрөтчү айымды кыргыз эли Кыргызстандагы декоративдүү колдонмо искусствонун чебери, сүрөтчү жана тажрыйбалуу педагог катары тааныйт. Бирок, бул айым курак өнөрүнүн да ээси. Биздин редакция Кимия Атыровнаны маекке тартып, ийгиликтери менен бөлүштү.***





### КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК АПАМДАН ӨТКӨН

-Менин атам мыкты мугалим, апам колу гүл чебер аял болчу. Туулган айылым Өзгөн районунун Красный-Маяк айылы. Үйүбүз айылдын четинде жайгашып, Төөчү тоосу көрүнүп турчу. Жазы суусуунун шылдырап акканы музыкадай угулуп тураар эле. Бул табияттын коодугу мени жашоону сүйдүрүп, ар дайым жүрөгүмө кубаныч тартуулачу. Жаштайыман эле искусствого болгон сүйүүм күч болду. Жалаң гана коодукка, сулуулукка, назиктикке маани берчүүмүн. Эсимде бир ирет атамды ээрчип чөп чапканы барып, гүлдөрдү терип, айланага суктанып ойноп жүрсөм жамгыр жаап кирди. Атам экөөбүз үйдү көздөй шашылдык. Жолдун жарымына жеткенде терген гүлдөрүм бир таштын жанында калганын эстеп, ыйлагам. Атам раматылык эринбей "Кызымдын терген гүлү калып кетиптир"-деп мойнунан ылдый куюлган жамгырга карабай барып алып келген. Бул менин өмүр бою эсимде картина болуп калды. Апамдын саймалары, тиккен буюмдары көз жоосун алчу. Тайэнемда атагы чыккан чебер болгон экен. Менимче бул муундан муунга өтүп келе жаткан мурас өнөр. Менин агамда КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмери Алтынбек Торогелдиев. Анын эмгектеринин көбү Ош шаарыбызды көркө бөлөп турат. Атап кетсем 2010-жылдагы каргаша карата тургузулган "Эненин көз жашы" шаарыбызга кире беришиндеги Алымбек Датканын эстелигинин эскиздерин жасаган. Андан сырткары живопис менен да алектенет.

### БИЛИМ АЛУУ ЖОЛУМ

-Алгачкы көркөм билимимди 1973–1977-жылдары Фрунзедеги көркөм сүрөт окуу жайында алдым. Андан соң Москвадагы А.Н. Косыгин атындагы Текстиль институтта окуп, 1982-жылы «Текстиль жеңил өнөр жайынын буюмдарын көркөмдөө жана модельтештирүү» адистиги боюнча жогорку билимге ээ болдум. Бул менин чыгармачылыгымда искусство чебери катары өсүшүмө шарт түзгөн.

### КУРАК ЖЫМЖЫРТТЫКТЫ СҮЙӨТ

-Ишмердүүлүмдү элдик кол өнөрчүлүккө арнадым. Килем, ала кийиз, курак, чий , саймага чоң маани берип, заман талабына жараша коомго алып чыгып, элдик мурастарды жайылтууга аракет жасадым. Аракетимин акыбети кайтып, чет өлкөлөрдө да бааланды. Айрыкча куракка көп басым жасадым.

Курак өнөрүнүн бир өзгөчөлүгү бар. Ал жымжырттыкты сүйөт. Ал тургай студенттерге курак сабагын өтүп жатканымда аудитория жымжырт боло түшөт. Анткени, курак куроо бул өтө чеберчиликти, көңүлдү топтоону, чексиз фантазияны, сезимталдыкты талап кылат. Кыйындыларды бири-бирине улаштырып тигип коюу менен чектелбейт. Ал буюм жалпысынан бир теманы, идеяны, көрүнүштү чагылдырып туруучу көркөм чыгармага айланат.

Бир жагынан курак өнөрү үнөмчүлдүккө да багытталган. Биздин апаларыбыз бир кыркындыны да жерге таштабастан курап, туштук, жаздык тыш, төшөк, ал тургай чай туткуч, табак кап, кашык кап, ат жабуулары сыяктуу үй-тиричилик буюмдарын көркөмдөп тигишкенин көргөнбүз. Кыздардын себи да жалаң курак жана сайма менен жасалганчу. Азыркы учурда бул өнөр турмушубузга өтө керектүү болуп турат. Анткени, кийим тигүү ишканалары өтө көбөйүп, кездеме жана башка материалдардын кыйындылары таштандыга ыргытылып жатат. Аларды кор кылбай, улуттук баалуу буюмдарды жасоодо курак куроону өнүктүрүүнүн мааниси чоң. Өткөн жылы Кара-Кыргыз автоном облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына арналган республикалык көргөзмө-сынакта үчүнчү орунду алдым. Бул декоративдик-прикладдык искусство боюнча жасаган "Узак жол" аттуу эмгегимдин үзүрү болду.



### УЛУТТУК ӨНӨРДҮ ЖАЙЫЛТУУГА ТЫРЫШТЫМ

-2001-жылы Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү болуп кабыл алындым. Көптөгөн эл аралык жана улуттук сынактарда, көргөзмөлөрдө жеңүүчү болуп, ардак грамоталар, диплом жана сыйлыктар менен сыйланып, эмгектерим улуттук маданиятты даңазалоого жана өнүктүрүүдө чоң табылга деп бааланып келет. 1995-жылы «Манас эпосунун 1000 жылдыгы» медалы жана бир топ мамлекеттик сыйлыктар ыйгарылды. Эмгектеримди ар кайсы сынактарга, көргөзмөлөргө алып барып жүрүп, чет элдиктердин да көзүнө илиндик. Москва, Санкт-Петербург, Стамбул, Пекин сыяктуу ири шарлардагы эл аралык көргөзмөлөргө коюп, жогорку баага татыды. Өткөн жылы Татарстанда уюштурулган Ислам искусство фестивалында "Кыз кыялы" чыгармам менен катышып, жогорку баага татыды.



Казакстан улуттук дизайн академиясынын академиги катары да эмгектенип келем. Казак-кыргыздын кол өнөрчүлүгү дээрлик окшош болгондуктан, менин эмгектеримди жогору баалашат. Ошондой эле Евразиялык дизайнерлер союзунун мүчөсүмүн. Акыркы мезгилдерде райондогу кол өнөрчүлөр менен тыгыз иштешип, өлкөбүздүн булуң-бурчуна таланттууларга сабак берип, белгилүү дизайнер Динара Чоочунбаева менен биргеликте иш алып барып жатабыз. Буйруса алдыда дагы көптөгөн таланттуу кол өнөрчүлөргө жол көрсөтүп, үйрөтүп жатабыз. Кези келгенде алар да чыгармачылыгы менен кыргыз элинин баалуулуктарын дүйнөгө даңазалашат.

### АР БИР ЭМГЕГИМДИ ЭРГҮҮ ЖАНА ЭМГЕК МЕНЕН ЖАСАЙМ

-Эгер адам ар бир ишинин майын чыгара эргүү менен жасаса ал сөзсүз ийгилик жаратат. Мен да ар дайым чыгармачылык жолумда аруулукка, тазалыкка жана сулуулукка маани бердим. Ар дайым ушул деталдарды чагылдырууга бар дареметимди жумшадым. Эгер кайра эле кесип же өнөр тандоо мүмкүнчүлүгү берилсе эч буйдалбай ушул жолду тандамакмын. Себеби, эч качан жасап жаткан ишимден же тандаган өнөрүмдөн наалыган эмесмин жана ар бир чыгармачылыгымдагы кыйынчылыкты кубануу менен кабыл алып, чоң күч менен аракетимди улантып келем. Кол өнөрчүлүккө байланган тагдырыма ыраазымын.

Даярдаган: Каныкей ЖОРОЕВА.